Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти филология илимдеринин доктору, профессор Кубан Ильясович Мамбеталиевдин 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн берилген **Сатыбеков Мухтар Эсенгелдиевичтин "Аалы Токомбаевдин чыгармачылык лабораториясы"** деген темадагы диссертациясына

## КОРУТУНДУСУ

Диссертациялык кенештин эксперттик комиссиясынын мөчөсү катары филология илимдеринин доктору Мамбеталиев Кубан Ильясович изденүчү Сатыбеков Мухтар Эсенгельдиевич тарабынан 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн берилген "Аалы Токомбаевдин чыгармачылык лабораториясы" деген темадагы диссертациясын карап чыгып, чечим кылды:

1. **Диссертациялык кенешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке дал келиши**

Сатыбеков Мухтар Эсенгельдиевичтин "Аалы Токомбаевдин чыгармачылык лабораториясы" деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кенештин профилине **туура келет.**

Иште 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү улуу кыргыз акындын чыгармачылык лабораториясына карата адабият таануунун талаптарына ылайык изилдөө жүргүзүлдү.

Иштин максаты катары акындын лирикалык ырларынын, поэмаларынын, романынын мисалында калемгердин чыгармачылык такшалышына жана өсүп-өнүгүшүнө байланышкан объективдүү жана субъективдүү маселелерди жандуу талдоодон өткөрүп, илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгаруу процесси коюлган.

Ушул максатты ишке ашырууда төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

1. Чыгармачылык лабораторияда жана көркөм чагылдыруудагы ички процессине байкоо жүргүзүү.
2. Автордун кайрадан иштетилген лирикалык ырларын талдоого алуу.

Институт языка и литературы им. Ч. Айтматова Национальной академии наук Кыргызской Республики
Вход. № 66/04-8
«14» 03 2025

3. “Таалай издеген индус” поэмасынын эки редакциясын улуттук адабиятыбыздын контексьтинде кароо.
4. “Жетим менен сыйкырчы” поэмасынын эки редакциясын салыштырып, ар талаптан терең талдоого алуу.
5. Чыгармалардын жаралыш тарыхы жөнүндө түшүнүктүн пайда болушу жана “Кандуу жылдар” романынын жаралыш тарыхын талдоого алуу.
6. “Кандуу жылдар” романынын тарыхыйлыгын ачып көрсөтүү.
7. Романдын эки вариантын (“Кандуу жылдар”, “Таң алдында”) идеялык-тематикалык, сюжеттик окшоштуктарын жана өзгөчөлүктөрдүн ачып көрсөтүү.
8. Аталган романдын эки редакциясындагы образдар системасынын иштелешин жана көркөмдүк-эстеьтикалык касиетин талдоого алуу.

Изилдөөдө илимий таанып билүүдөгү жалпы илимий методдор колдонулган, бул анализ-синтез, тарыхый-типологиялык, тарыхый-салыштырмалуу методдор.

Бул 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына **туура келет.**

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Профессионал адабияттын айдынына өткөн алгачкы муундагы автор жеке сүрөткерлик лабораториянын сырларын өздөштүрүүдө мурда көрбөгөн абалга туш болгон. Жаңы доордогу кыргыз акындын чыгармачылык абалы адабияттаануу илиминде өзүнчө изилдөөнү талап кылып, ушул теманын актуалдуулугун жаратат. Биздин төл адабиятыбызда бул маселе толук түрдө изилден элек. Диссертант так ушул маселени акын Аалы Токомбаевдин чыгармаларынын мисалында карап чыкты.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Диссертациялык иште кыргыз адабият таануу тармагынын өнүгүшү үчүн маанилүү болгон төмөндөгүдөй илимий жыйынтыктар келтирилди:

**1-жыйынтык**

Теманын актуалдуулугу далилденди, изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталды, диссертациянын илимий жаңылыгы, теориялык мааниси, практикалык баалуулугу ачылды жана коргоого коюлуучу жоболор чагылдырылды (киришүү).

**2-жыйынтык**

Акындын чыгармачылык лабораториясы, маселенин тарыхы жана теориялык аспектиси көрсөтүлдү (1-бап, 1.1- бөлүм).

**3-жыйынтык**

Лирикалык ырларындагы изденүү салыштырма-типологиялык талдоо менен көрсөтүлдү (1-бап, 1.2-бөлүм).

**4-жыйынтык**

“Сыйкырчы менен жетим” поэмасынын эки варианттагы айырмачылыктар талдоодон өткөрүлдү (2-бап, 2.1-бөлүм).

**5-жыйынтык**

“Таалай издеген индус” поэмасынын эки редакциясы чыгармачылык лабораториядан өткөнү жөнүндө айтылды (2-бап, 2.2-бөлүм).

**6-жыйынтык**

Чыгармалардын жаралыш тарыхы жөнүндө түшүнүктүн пайда болушу жана мунун өнүгүшү  Диссертант элдик акындардын чыгармачылыгындагы эненин образын анализдеди (3-бап, 3.1-бөлүм).

**7-жыйынтык**

“Кандуу жылдар” романынын тарыхыйлыгы (3-бап, 3.2-бөлүм).

**8-жыйынтык**

Романдын эки вариантынын идеялык-тематикалык жана сюжеттик жагынан окшоштугу жана өзгөчөлугу (3-бап, 3.3-бөлүм).

**9-жыйынтык**

“Таӊ алдында” романынын эки редакциясындагы образдар системасынын иштелиши жана көркөм сүрөттөлүшү (3-бап, 4.3-болум).

**4.Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгели:**

Диссертацияда чыгарылган ар бир жыйынтыктын жана корутундусунун негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүнүн деңгээли:

**1-жыйынтык.** Чыгармачылык лаборатория жана дүйнөнү көркөм чагылдыруудагы сүрөткердин ойжорумдарынын ички процесси көркөм туундуну кайра иштөөдө негизги факторлордун бири экендиги эске алынды;

**2-жыйынтык.** Чыгармачылык лабораториянын ички касеттери жана мүмкүнчүлүктөрүА.Токомбаевдин кайрадан иштелген лирикалык ырлары жаңыча көркөм-эстетикалык касетке ээ болуп турушуна өбөлгө болору көрсөтүлдү;

**3-жыйынтык.** “Жетим менен сыйкырчы” поэмасынын эки редакциясын салыштыра ар тараптуу терең талдоого алуу менен акындын экинчи варианттагы жетишилген ийгиликтери чыгармачылык лабораториянын

ички мүмкүнчүлүктөрүн билгичтик менен колдонуунун натыйжасы экендиги далилдүү айтылды;

**4-жыйынтык.** А.Токомбаевдин “Таалай издеген индус” // “Индус жөнүндө жомок” поэмасынын эки редакциясындагы айырмачылыктар, соңку вариантындагы жетишилген ийгиликтер улуттук адабиятыбыздын контекстинде каралып, конкреттүү мисалдардын негизинде ачылып берилгендигине жана акындын чыгармачылык лабораториясы тиешелүү жыйынтыктарды бере тургандыгы белгиленди;

**5-жыйынтык.** Чыгармалардын жаралыш тарыхы жөнүндө түшүнүктүн пайда болушу, өнүгүшү талдоого алынып, бул түшүнүк «Кандуу жылдар» романынын жаралыш тарыхынын мисалында ачлып берилген жана ”Кандуу жылдар” (“Таң алдында”) романынын тарыхыйлуулугу илимий, тарыхый булактар менен романда сүрөттөлгөн окуяларды кош катар талдоо аркылуу далилденди;

**6-жыйынтык.** Романдын эки вариантынын идеялык-тематикалык, сюжеттик-композициялык окшоштуктары, өзгөчөлүктөрү менен бөтөнчөлүктөрү конкреттүү мисалдардын негизинде талдоого алынган жана бул талдоолор акындын чыгармачылык лабораториясынына шайкеш келүү менен ишке ашкандыгы далилдүү көрсөтүлдү;

**7-жыйынтык.** “Таң алдында” романынын эки редакциясындагы образдар системасынын иштелиши жана чыгарманын көркөм-эстетикалык кунары ачылып берилиши да чыгармачылык лабораториянын ички мыйзамдарынын талап-мүдөөлөрүнүн негизинде жаңы көркөм-эстетикалык бийиктикке жетишкендиги айтылды.

**5.Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жобонун жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык**

Жаңы деп эсептелет, себеби изилдөөгө алынган тема буга чейин мындай ракурста ачылган эмес.

**2-жыйынтык**

Гуманитардык илимдер алкагында бул тема боюнча системдүү түрдө анализ жасалган эмес.

**3-жыйынтык**

Кыргызстанда ушундай багыттагы конкреттүүлүгү менен көркөм адабий процессти изилдеген эмгектер аздык кылат.

**4-жыйынтык**

Бул диссертацияда ушул теманын изилдениши новаторлук белгилери менен айырмаланат.

**6.Изилдөөнүн ички биримдигин жана тиешелүү актуалдуу проблеманын, теориялык жана прикладдык милдеттерин ишке ашыруу аркалуу чыккан натыйжаларды баалоо:**

Изденүүчү Сатыбеков Мухтар Эсенгельдиевич илимий ишиндеги жоболору кыргыз поэзиясындагы акындын чыгармачылык лабораториясынын таржымалын изилдөө менен аныкталган. Теориялык жактан батыш, орус жана ата-мекендик илимпоздордун эмгектерине таянган. Диссертациялык иш бир бүтүндүккө бириктирилген илимий жаңылыктарды жана жоболорду камтыйт. Алынган жыйынтыктары жана практикалык сунуштары теориялык жоболордун негизинде түзүлгөн. Изилдөөнүн натыйжалары диссертанттын адабият таануу тармагына кошкон жеке салымын көрсөтүп турат. Сунуш кылынган ыкмаларга жетишээрлик деңгээлде аргументтер берилген.

**7.Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси:**

Иштин жыйынтыктарын жогорку окуу жайларынын кыргыз филологияга байланыштуу адистик боюнча окуу программаларын, окуу куралдарын, окуу китептерин түзүүдө пайдаланса болот. Адабият адистиги боюнча изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттердин иштерине илимий-методикалык маалымат катары салымын кошот. Жалпы окурмандар үчүн керектүү маалымат болуп берет.

**8.Диссертациянын негизги жыйынтыктарынын жана натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо**

Диссертациялык иштин негизги мазмуну автордун эмгектеринде жарыяланган:

1.**Сатыбеков,М.Э.**“Кандуу жылдар”, “Таң алдында” романдарындагы образдар системасы жана көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. фил. Науки. - вып. 2. – 1998. Часть 1. – 121-128-беттер.
2. **Сатыбеков,М.Э.** “Кандуу жылдар” романынын жаралыш тарыхы. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. – Вып. 2. – 1999. – 5-11-беттер.
3. **Сатыбеков,М.Э.** “Кандуу жылдар” жана “Таң алдында” романдарынын идеялык, тематикалык, сюжеттик окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. Вып. 2. – 1999. – 11-17-беттер.
4. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин “Таалай издеген индус” поэмасынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. Вып. 2. - 2001. –
5. **Сатыбеков,М.Э.** “Кандуу жылдар” (“Таң алдында”) романдарынын тарыхыйлуулугу. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. 2001. Серия 1 Вып. 4. – 110-114-беттер.

6. **Сатыбеков,М.Э.** “Кандуу жылдар” романынын эки варианты. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. – 2012.
7. **Сатыбеков,М.Э.** Чыгармалардын жаралыш тарыхы жөнүндө түшүнүктүн пайда болушу, өнүгүшү. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Вестник КНУ. Атайын чыгарылыш.– 2012 – 121-126-беттер.
8. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” романынын жазылыш тарыхы. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Китепте: Азыркы адабияттаануу жана фольклористика маселери. – Б.:2013. – 155 – 175-беттер.
9. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин адабий мурастар тууралуу көз караштары. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // К-те: Адабият таануу жана фольклористика маселеси, 2015.
10. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин “Кандуу жылдар” романынын тарыхыйлуулугу. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Эл агартуу. - №11-12. – 2016. – 15-21-беттер.
11. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин “Таалай издеген индус” поэмасынын редакциясы жөнүндө. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Эл агартуу. - №11-12. – 2017.18-24-беттер.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_37028582_20122201.pdf
12. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин лирикалык ырлары көркөм ой жүгүртүү менен чеберчиликтин өсүшүнүн күбөсү катары. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Эл агартуу. - №9. – 2018. – 29-34-беттер. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36995529_98118264.pdf
13. **Сатыбеков,М.Э.** Акындык изденүүнүн А.Токомбаевдин лирикалык ырларында көрүнүшү. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Эл агартуу. - №9. – 2018. - №9-10.35-41-беттер.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_36995530_65534188.pdf
14. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевдин лирикалык ырларынын көп варианттуулугу (1-макала) [Текст] /М.Э.Сатыбеков // ALATOO ACADEMIC STUDIES. - №3. – 2019. – 185-191-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42466316_91346566.pdf
15. **Сатыбеков,М.Э.** “Индус ищущий счастье”. [Текст] /М.Э.Сатыбеков //Актуальные проблемы гуманитарной науки: фольклористика, литературоведение, этнография, история, археография. – Уфа. – 2019. – 368-372.
16. **Сатыбеков,М.Э.** О двух вариантах романа “Кровавые годы” (“Перед рассветом”) А.Токомбаева. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Материалы первого алтаистического форума “Тюрко-Монгольский мир большого Алтая: Историко-культурное наследие и современность”. – 2019. – ст. 51-54.
17. **Сатыбеков,М.Э.** Адабий мурастар тууралуу А.Токомбаевдин көз караштары. [Текст] /М.Э.Сатыбеков // Эл агартуу. 2019. №7-8. Ст. 32-40-беттер. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_41858795_23769662.pdf
18. **Сатыбеков,М.Э.** А.Токомбаевждин лирикалык ырларынын көп варианттуулугу (2-макала). [Текст] /М.Э.Сатыбеков // ALATOO ACADEMIC

STUDIES. - №3. – 2019. – 192-199-б. https://www.elibrary.ru/download/elibrary_42466316_60804574.pdf

**9.Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**10. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча **жетектөөчү уюм** катары 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий адистиги бар И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабиятын окутуунун технологиялары кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.
**Биринчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жана объектилерине жакын эмгектери бар: 1.Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү (Адабий макалалар). – Ф.: Кыргызстан, 1984. – 160 б.; 2.Кыргыз акындарынын чыгармачылыгы. – Б.: 1988, 1992.; 3. Чыңгыз Айтматовдун адабий-эстетикалык көз карашы. [жооптуу ред. К. Асаналиев]. – Б.: 2000; 4. Азыркы кыргыз адабияты. – Б.: 2005; 5. Чыңгыз Айтматов жана кыргыз адабияты (Адабий-сын макалалар. Монография). – Б.: Турар, 2012. – 391 б. ж.б. филология илимдеринин доктору **Үкүбаева Лайлини** (автореферат боюнча шифры 10.01.03 – Азыркы улуттук адабият) сунуш кылат. **Экинчи расмий оппонент** катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: 1. “Манас” эпосу менен Жусуп Баласагындын “Кутадгу билиг” дастанындагы идеялык-көркөмдүк параллелдер. Монография. – Бишкек, 2013. – 191 б.; 2. Тил башат. Окуу китеби. Башталгыч курс. (Авторлош). – Б.: КТМУ, 2002. – 137 б.; 3.Тил башат. Окуу китеби. Орто курс. (Авторлош). – Б.: КТМУ, 2002. – 129 б.; Тил башат. Окуу китеби. Жогорку курс. (Авторлош). – Б.: КТМУ, 2002. – 80 б.; “Манас” эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү – I. 1-китеп. (Авторлош). – Б.: 2019. КТМУ, – 256 б.; “Манас” эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү – I. 2-китеп. (Авторлош). – Б.: КТМУ, 2019. – 496 б.; “Манас” эпосунун сюжеттик-тематикалык көрсөткүчү – I. 3-китеп. (Авторлош). – Б.: 2019. КТМУ, – 488 б. ж.б., филология илимдеринин кандидаты, доцент **Кулалиева Калия Одесовнаны** (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылат.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү филология илимдеринин доктору Мамбеталиев Кубан Ильясович сунуш кылынган ишти карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна,

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаны коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.23.667 диссертациялык кеңешине “10.01.01 – кыргыз адабияты” адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Сатыбеков Мухтар Эсенгельдиевичтин “Аалы Токомбаевдин чыгармачылык лабораториясы”** деген темадагы диссертациясын коргоого сунуш кылат.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү**
**филология илимдеринин доктору** **Мамбеталиев К.И.**

**Эсперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын:**

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин**
**окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**